БЕКИТЕМИН:
Мектеп директору:
Касаналиева А

**Токтоболот Абдымомунов атындагы Жаны-Алыш орто мектебинин усулдук бирикме жөнүндө жобо**

**ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР**

1.1 Усулдук бирикме жалпы билим берүүчү уюмдун усулдук кызматынын мугалимдерди билим берүү предметтери , билим беруу тармагы ,тарбия иштеринин турлөрү боюнча бириктирүүчү түзүмдүк бөлүгү болуп саналат.

1.2 Усулдук бирикме бир нече билим берүү тармагына Кыргыз Республикасынын Жалпы орто билим берүү боюнча Алкактык Улуттук Куррикулумунда сунушталган билим берүү тармактарына караштуу предметтерден сабак берүүчү үчтөн кем эмес мугалим бар болгондо түзүлөт. Мектептин шартын жана жумуштун кайтарымдуулугун эске алуу менен төмөндөгүдөй эки усулдук бирикме түзүлүшү мүмкүн:

Жогорку класстардын мугалимдеринин усулдук бирикмеси ;

Башталгыч класстардын мугалимдери усулдук бирикмеси , усулдук бирикмеге иш тажрыйбасы бай , чыгармачыл мугалим башчылык кыла алат .

1.3 иштин негизги багыттарын , формаларын жана усулдарын усулдук бирикмелерин мүчөлөрү билим берүүчү уюмдун максаттарына жана милдеттерине ылайык аныктоого, билим берүүчү уюмдун усулдук кенеши бекитет.

1.4 билим берүүчү уюмдарда тарбиячылар , класс жетекчилердин ж.у.с усулдук бирикмелери түзүлүшү мүмкүн.

1.5 усулдук бирикмелеринин саны мммүчөлөрүнүн саны билим беруу уюму аткармакчы болгон милдеттерди чечүү зарылдыгына жараша аныкталат да педагогикалык кеңештин чечими менен белгиленет жана билим берүүчү уюмунун директорунун буйругу менен бекитилет .
1.6 усулдук бирикменин курамына кирген мугалимдер окуучулар тийиштүү билим берүү тармагындагы (тармактарындагы ) предметтер боюнча даярдайт.
1.7 Усулдук бирикмелер билим берүүчү уюмунун директорунун окуу тарбия иштери боюнча орун басарынын ( илимий усулдук иштер боюнча орун басарынын ) көрсөөтүүсү менен директордун буйругуна ылайык түзүлөт, кайра уюштурулат жана жоюлат .
1.8 усулдук бирикмелер директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басарына (илимий усулдук иштер боюнча орун басарына ) түздөн- түз баш ийишет .
1.9 усулдук бирикмелер ишмердигинде Кыргыз Республикасынын конституциясынын , билим беруу тармагына тиешелүү мыйзамдарын жана ченемдик – укуктук актыларына жетекчиликке алышат .

## 2.МЕКТЕПТИН УСУЛДУК БИРИКМЕСИНИН МАКСАТТАРЫ

2.1 мугалимдердин кесиптик камылгасын жана кесиптик чеберчилигин арттыруу, ошондой эле жаш мугалимдердин кесиптик өсүшүнө колдоо көрсөтүү (насаатчылык кылуу ).
2.2 предметтер билим берүү тармактары боюнча окутуу сапатына максаттарына жана натыйжаларына карата бирдиктүү талаптарды камсыздоо .
2.3 бирдиктүү билим берүү , тарбиялоо инсанды жетилтүү жана калыптандыруу чөйрөсүн камсыздоо чыгармачыл иштөөгө шарт түзүү .

2.4 мугалимдердин педагогикалык ишмердигинин натыйжалуулугун баалоо.